*Башкармалыктын*
*2021-жылдын «___» ноябрындагы №___ токтомуна*
**№1-тиркеме**

**«РСК Банктан MasterCard картасы боюнча Бактылуу которуу» Акциясы боюнча кардарлар – Mastercard Standard жана Master Gold карталарынын ээлери үчүн Эрежелер**

1. **Глоссарий:**
   1.1. **Карт - эсеп -** Банктын Кардары карта менен башкарган АБС жана РБС системаларында Банк тарабынан Кардар үчүн ачылган банк эсеби. Карта эсебине картанын жардамы менен андан ары чыгымдоо үчүн арналган акча каражаттары кийирилет.
   1.2. **Кошумча карта-** бул кардардын негизги картасына кошумча чыгарылып, негизги карта менен бирдиктүү **карт-эсеби** бар банк картасы.
2. **Жалпы жоболор**
   2.1. Өткөрүлүүчү жарнамалык Акция өбөлгөлөөчү лотерея болуп саналбайт жана кардарлар арасында «Mastercard» төлөм карталарын колдонууну жайылтууга багытталган.
   2.2. Жеңүүчү ушул Эрежелерде көрсөтүлгөн шарттардын аткарылышына жараша аныкталат. Жеңүүчүнү аныктоодо кокустук принциби (жеңүүчүнүн ыктыярдуу тандоосун ишке ашыруучу алгоритмди колдонуу) алынып салынат.
   2.3. Акциянын уюштуруучусу болуп «РСК Банк» ААКы саналат, байгелик бюджет Mastercard Europe SA компаниясынын эсебинен болот.

3. **Акциянын максаты:**
   3.1. Кардарларды «РСК Банк» ААКы тарабынан эмиттелген Mastercard төлөм карталары аркылуу алууга тартуу жана кызыктыруу.
   3.2. «Mastercard» төлөм карталары боюнча накталай эмес операциялардын көлөмүн көбөйтүү.

4. **Акцияны өткөрүү мезгили:**
   4.1. Акция **2021-жылдын 15-ноябрынан 2022-жылдын 15-февралына** чейин өтөт:

5. **Акциянын катышуучулары**
   5.1. Акция мезгилинде «РСК Банк» ААКнын Mastercard карталарына накталай эмес которууларды алган 18 жашка толгон жеке жактар.

6. **Акцияга катышуунун тартиби**
   6.1. Акцияга катышуу үчүн Катышуучу – «РСК Банк» ААКынын Mastercard картасынын ээси, акциянын мезгилинде картанын номери боюнча, каалаган валютада эл аралык которууларды алышы керек. Акцияга дүйнөнүн каалаган өлкөсүнөн жөнөтүлгөн эл аралык карта которуулар гана катышат.
   6.2. Акцияга катышуу үчүн төмөнкү операциялар эске алынбайт:
      - КР боюнча ички которуулар
      - Картанын эсебине(-н) акча каражаттарын чыгаруу/кийирүү.
      - Бир жөнөтүүчүдөн бир күндө 3төн ашык которуу алуу.

7. **Жеңүүчүлөрдү аныктоо шарттары:**
   7.1. Жеңүүчүлөр аныкталат:

- Акциянын мезгилинде дүйнөнүн башка өлкөлөрүнөн бир карта эсебине эл аралык которуулардын максималдуу санын (кеминде 10 которуу) алган катышуучулар Акциянын

Жеңүүчүлөрү болушат, ал эми алынган бир которуунун минималдуу суммасы 1000 сомдон жана анын АКШ долларындагы жана евродогу эквивалентинен кем эмес болушу керек. Акциянын бардык мезгилине бардыгы болуп 3 жеңүүчү аныкталат.

8. **Акциянын байгелик бюджети:**

| **Байге** | **Саны** |
|---|---|
| IPhone 13 | 3 |
| **Бардыгы** | **3** |

9. **Байгелерди ыйгаруу:**

9.1. Жыйынтыктоо жана сыйлыктарды тапшыруу этаптын же Акциянын аягында 2022-жылдын 30-апрелине чейин жүргүзүлөт.

10. **Кошумча шарттар:**

10.1. Банктын кызматкерлери жана алардын жакын туугандары (ата-энеси, жубайлары, балдары) Акцияга катыша алышпайт;

10.2. Акцияга катышуу жана анын шарттарын кабыл алуу Катышуучунун ушул эрежелердин 4, 5, 6-пункттарын аткаруусу менен ырасталат.

10.3. Бир кардар Акциянын бардык мезгилинде бир гана жолу байгеге ээ боло алат

10.4. Эгерде которуулардын максималдуу саны эки кардар үчүн бирдей болсо, анда которуулардын максималдуу көлөмүнө ээ болгон кардар жеңүүчү болот.

10.5. Mastercard картасы боюнча мурунку Акцияларда байгеге ээ болгондор Акцияга катыша албайт.

10.6. Жеңүүчүлөр сыйлыктарды алууга байланыштуу транспорттук жана башка чыгымдарды өз мойнуна алышат.

10.7. Байгелерди алууга байланыштуу салыктык чегерүүлөрүн Акциянын Уюштуруучусу көтөрөт.

11. **Жеңүүчүнү аныктоонун жыйынтыкары:**

11.1. Жеңүүчүлөрдү аныктоо үчүн комиссия түзүлөт жана анын курамы Банктын Башкармасынын Токтому менен бекитилет.

11.2. Акциянын жеңүүчүлөрүнүн курамы Комиссиянын жыйналышынын Протоколу менен тастыкталып, Банктын Башкармасынын Токтому менен бекитилет.

11.3. Кеңеш бир тараптуу тартипте төмөнкү чечимдердин бирин кабыл ала алат:

- Акциянын шарттарына толуктоолорду же өзгөртүүлөрдү киргизүү
- Бүтүндөй Банк боюнча же конкреттүү материалдар боюнча кандайдыр бир жагдайлардан улам Акцияны белгилүү бир мөөнөткө токтото туруу же анын иштөөсүн токтотуу.

11.4. Акциянын башкы жана аралыктагы жеңүүчүлөрү тууралуу маалымат Банктын www.rsk.kg веб-сайтында жайгаштырылат.

11.5. Банк жеңүүчүлөргө Акциянын жыйынтыктары жана сыйлык тапшыруу аземи жөнүндө жеңүүчү аныкталган учурдан тарта 10 күндүн ичинде телефон аркылуу кабарлайт.

11.6. Акциянын Катышуучусу байланыш маалыматын көрсөтүү жана берилген маалыматтын тактыгы үчүн жооп берет.

11.7. Банк туура эмес көрсөтүлгөн реквизиттер, жеңүүчүнү кеч кабарлоого алып келиши мүмкүн болгон уюлдук жана стационардык байланыш операторлорунун түйүндөрүндөгү ар кандай бузулуулар үчүн жоопкерчилик тартпайт.

11.8. Жеңүүчүнүн күнөөсү боюнча анын Акциядагы жеңиши жөнүндө ага билдирүүгө мүмкүн болбосо, ошондой эле жеңүүчү Акциянын жыйынтыктары жөнүндө билдирүү жөнөтүлгөн жана жыйынтыктар Банктын сайтында жарыяланган күндөн тартып 30

календардык күндүн ичинде келбесе, бул Акциянын жеңүүчүсү болуп Акциянын Кийинки Катышуучусу таанылат.

11.9. Шарттарга өзгөртүүлөр же толуктоолор киргизилген учурда же Акцияны токтотуу жөнүндө чечим кабыл алынган учурда, Акциянын Катышуучуларына бул тууралуу Банктын www.rsk.kg корпоративдик сайтында кулактандыруу жайгаштыруу аркылуу билдирилет.

12. **<u>Байгелерди алуу шарттары:</u>**

12.1. Байгелер сыйлык тапшыруу аземинде тапшырылат

12.2. Акциянын жыйынтыгы боюнча Банктын Башкармасынын чечими бардык Катышуучулар үчүн акыркы болуп саналат жана даттанууга жатпайт.

12.3. Ушул Эрежелер, ошондой эле аларга киргизилген өзгөртүүлөр Банктын Башкармасынын Токтому менен бекитилген учурдан тартып күчүнө кирет.

12.4. Ушул Эрежелер, ошондой эле аларга киргизилген өзгөртүүлөр Банктын www.rsk.kg сайтында жайгаштырылган.